**Билим беруу чойросундогу сапаттын кепилдиги боюнча агентствосу«EdNet»**

# Башталгыч кесиптик окутуунун жана орто кесиптик окутуунун БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН

# СТАНДАРТТАРЫ

**(БКО жана ОКО)**

**Бишкек 2022**

<table>
<tr><td rowspan="4"></td><td colspan="5">САПАТТЫ КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ<br>Билим беруу чойросундогу сапаттын кепилдиги боюнча «EdNet»агентствосу</td></tr>
<tr><td colspan="5">БКО жаана ОКО денгээлиндеги билим берүү программаларын аккредитациялоо стандарттары</td></tr>
<tr><td>Версия</td><td colspan="4">№ 3</td></tr>
<tr><td>Өзгөртүү</td><td>Бекитүү мөөнөтү<br>Президенттин буйругу №129/1-Л/С</td><td>21.12.2021</td><td>Бети</td><td>11</td></tr>
</table>

# Башталгыч кесиптик окутуунун жана орто кесиптик окутуунун

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН

# СТАНДАРТТАРЫ

## (БКО жана ОКО)

**Бишкек 2022**

**БАШТАЛГЫЧ КЕСИПТИК ОКУТУУНУН ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК ОКУТУУНУН ДЕНГЭЭЛИНДЕГИ "EDNET" БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДАГЫ САПАТТЫ КАМСЫЗДОО АГЕНТТИГИНИН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН АККРЕДИТАЦИЯСЫНЫН СТАНДАРТТАРЫ**

**Стандарт 1.ББУ миссиясы жана билим беруу программасынын өнүгүүсу**

***Стандарттын аныктамасы.***

*Аталган стандарттарга ылайык, ББУнун так аныкталган Миссиясы болушу керек. ББУнун миссиясы жалпыга белгилүү болушу керек. Билим берүү программасын өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан стратегия ББУнун миссиясын ишке ашырууга көмөктөшүүгө тийиш.*

***Эгерде билим берүү программасы экинчи жана андан кийинки аккредитациядан өткөн болсо, анда акыркы аккредитациядан кийинки жакшыртууларды жана өзгөрүүлөрдү, аны менен катар акыркы аккредитациядан өтүүнүн жыйынтыктары боюнча сунуштар кандайча аткарылгандыгын так чагылдырышы жана көрсөтүүсү керек.***

***Стандартка колдонмо.***

*Уюмдун миссиясы ар кандай билим берүү мекемесинин стратегиялык өнүгүү планынын эң маанилүү компоненти болуп саналат. Ал иштин негизги максатын аныктайт. Билим берүү уюму адатта ички кызыкдар тараптарга өз алдынча жана ошол эле учурда жалпы максаттарды көздөй биргелешип иштөөгө мүмкүндүк берүүчү так миссия билдирүүсүнөн башталат.*

*Миссия күч-аракеттер кайда багытталат жана кандай баалуулуктар артыкчылыктуу болоорун көрсөтүп,келечекке болгон умтулууларды түшүндүрөт. Уюмдун миссиясы жана максаттары билим берүү уюмун өнүктүрүүнүн негизги багытын аныктайт. Миссияларга ылайык ББУну өнүктүрүүнүн стратегиясы жана стратегиялык планы иштелип чыгууда.*

*Билим берүү программасын өнүктүрүү стратегиясы - узак мөөнөттүү артыкчылыктарга негизделген билим берүү программасын өнүптүрүүнү башкаруу боюнча чаралардын тутуму. Өнүгүү стратегиясында ошондой эле максаттарды белгилөө, бул максаттарга жетүү боюнча иш-аракеттерди чечүү жана бул иш-аракеттерди ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ресурстарды мобилизациялоо каралган. Билим берүү программасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планы колдо болгон ресурстарды пайдалануу аркылуу программанын максаттарына кандайча жетээрин сүрөттөйт.*

**1-стандатка критерийлер.**

**1.1. ББУнун миссиясы кабыл алынды, талкууланды жана бардык стейкхолдерге жеткиликтүү.**
**1.2. ББПнын жетекчилиги жана кызматкерлери ББУнун миссиясын так түшүнөт, бөлүшөт жана аткарышат.**
**1.3. ББУнун миссиясын ишке ашырууга түрткү болуучу билим берүү программасын өнүктүрүү стратегиясы иштелип чыкты жана ишке ашырылууда.**

[1]Стейкхолдерлер – бул жумуш берүүчүлөрдү, бүтүрүүчүлөрдү, студенттерди, профессордук окутуучулар курамын, ББУнун администрацисын ж.б.түзгөн кызыкдар тараптар.

**Стандарт 2. Сапатты камсыздоо системасы.**

***Стандарттын аныктамасы.***

*Бул стандартка ылайык, билим берүү программасы аны түзүү жана ишке ашыруу учурунда сапатты камсыздоо саясатына жана системасына карата талаптарды аныкташы керек. ББУ саясаты мезгил-мезгили менен сапатты камсыздоонун тышкы процедураларынан өтүүнү камсыз кылат, ошондой эле ББПны өркүндөтүүнүн үзгүлтүксүз циклин камсыздайт.*

*Коюлган максаттарына жетүүнү камсыздоо жана студенттердин жана коомдун керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн ББУ мониторинг жүргүзүү мезгил-мезгили менен карап турушу керек. Бул кароонун натыйжалары программаны кошумча жакшыртууга алып келиши керек. Ар кандай пландаштырылган иш-чаралар же алынган натыйжалар бардык стейкхолдерге билдирилиши , жеткирилиши керек.*

*Программаны ишке ашырууда академиялык эркиндик жана академиялык ак ниеттүүлүк принциптери колдонулушу керек. ББПнын ички стейкхолдери саясат жана сапатты камсыздоо үчүн жоопкерчиликти ББП менен бөлүшүүгө тийиш.*

*Билим берүү программасын ишке ашыруунун алкагында ББПнын ОНда максаттарын жана мазмунун карап чыгуу жана өзгөртүү механизми жана ОНна жетишүү жана өркүндөтүү үчүн окуу процессине мониторинг, баалоо жана коррекциялоо механизми аныкталууга тийиш.*

*Билим берүү программасын ишке ашыруунун жүрүшүндө ББУ бардык кызматкерлердин ишмердүүлүгүнө адекваттуу баалоону камсыз кылат жана профессордук окутуучулар курамынын жана административдик персоналдын компетенциясына жана ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү, баалоо жана өркүндөтүү механизмине ээ.*

*ББПнын сапатын жакшыртуу үчүн ички стейкхолдер канааттануу деңгээлин баалоо механизмдери ишке ашырылат.*

***Эгерде билим берүү программасы экинчи жана андан кийинки аккредитациядан өткөн болсо, анда акыркы аккредитациядан кийинки жакшыртууларды жана өзгөрүүлөрдү, аны менен катар акыркы аккредитациядан өтүүнүн жыйынтыктары боюнча сунуштар кандайча аткарылгандыгын так чагылдырышы жана көрсөтүүсү керек.***

***Стандартка колдонмо.***

*Билим беруу уюмунун сапатын камсыз кылуу системасы узгултуксуз оркундотуу циклин камсыздоого жана отчеттуулугун жогорулатууга тийиш. Мунун баары сапат маданиятын өнүктүрүүгө көмөктөшкөн , мында бардык ички стейкхолдер билим берүүнүн сапаты үчүн жоопкерчиликтүү болушат жана билим берүү мекемесинин бардык деңгээлдеринде сапатты камсыздоо процестерине катышкан сапат маданиятын өнүктүрүүнү колдойт.*

*Билим берүү программасынын үзгүлтүксүз мониторинги, көрсөтүлүшү жана кайра карап чыгуунун натыйжалары программаларды үзгүлтүксүз өркүндөтүүгө алып келиши керек.*

*ББУ/ББП мезгил-мезгили менен колдонуудагы мыйзамдардын алкагында сапатты камсыздоо процедураларына катышууга тийиш.*

*ББУ/ББП акыркы тышкы сапатты камсыздоо процедурасынан берки жетишкен өсүүлөр кийинкиге даярданууда эске алынышын камсыз кылууга умтулушу керек*

**2- стандатка критерийлер.**

**2.1.** **БПП/ НББПны ишке ашырууну түзүүдө сапатты камсыздоо системасына талаптар аныкталат.**

**2.2.** **ББП сы академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык принциптеринде ишке ашырылат.**

**2.3.** **ББП нын сапатын камсыздоого ББУнун жетекчилиги, кызматкерлери жана программаны ишке ашырууга катышкан студенттер жоопкерчиликти алат.**

**2.4.** **Тышкы жана ички стейкхолдер талаптарына ылайык ББП нын ОНнын максат жана мазмунуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жана аларды кайра карап чыгуу механизми аныкталган.**

**2.5.** **ОНна жетүү жана аларды натыйжалуу ишке ашырууну камсыздоо үчүн программанын жана окуу процессинин үзгүлтүксүз мониторинги, баалоо жана ондоо механизми аныкталган.**

**2.6.** **Административдик, педагогикалык жана окутуучулар персоналынын эмгегинин натыйжалуулугун адекваттуу баалоо үзгүлтүксүз негизде камсыздалат.Окутуучулар курамынын жана өндүрүштүк окутуу шакирттеринин ишмердүүлүгүн жана компетенттүүлүгүн баалоо, жакшыртуу мониторинги бар.**

**2.7.** **ББП сапатын жакшыртуу үчүн ички стейкхолдердин канааттандыраарлык дэңгээлинде баалоо механизми иштейт.**

**2.8.** **Тышкы стейкхолденрдин суроо талабын чагылдыруу жана аларга жооп берүүнүн натыйжалуу системасы бар.**

**2.9.** **ББУ саясаты мезгил мезгили менен сапатты сырттан камсыздоо процедураларынан өтүүнү шарттайт.**

**Стандарт 3. Билим берүү программасын окутуу максаттары жана натыйжалары.**

***Стандарттын аныктамасы.***

*Аталган стандартка ылайык, билим берүү программасы билим берүү программасынын миссиясына шайкеш билим берүү программасына стейкхолдердин (керектөөчүлөрдүн, кызыкдар тараптардын) суроо талаптарын жана керектөөлөрүн эске алган так иштелген жана бекитилген Максаттардын жана Окутуунун Натыйжаларына ээ болууга тийиш.*

*Окуунун Натыйжалары деп студент аталган билим берүү программасы боюнча окууну аяктагандан кийин ээ болууга тийиш болгон компетенциялардын жыйындысын (билимин, көндүмдөрдү колдонуу жөндөмү) түшүнүүгө болот.*

*ОН ББПнын максаттарына, улуттук квалификациялык базага жана мамлекеттик билим берүү стандартына шайкеш келиши керек.*

***Эгерде ББП экинчи жана кийинки жолу аккредитациядан өткөн болсо, анда өзүн-өзү баалоонун натыйжалары боюнча маалыматты так чагылдырып, акыркы квалификациядан кийин киргизилген өзгөрүүлөрдү жана жакшыртууларды, ошону менен катар акыркы аккредитациянын жыйынтыгы боюнча ишке ашырылган сунуштамалар кандай аткарылгандыгын даана көрсөтүүгө тийиш.***

***Стандартка колдонмолор.***

*Окутуунун максаты жана натыйжалары билим берүү программасын өнүктүрүүнүн негизги компоненттеринин бири болуп саналат. Максатты жана ОНсын түзүүгө стейкхолдерди тартуу- көз карандысыз аккредитациянын негизги талаптарынын бири болуп саналат.Билим берүү программасы күтүлгөн ОНна жетээрин жана ББПнын окуу процесси окутуунун натыйжасына багытталгандыгын көрсөтүшү керек.*

*Окутуунун максаты жана окутуунун натыйжалары мамлекеттик билим берүү жана кесиптик стандарттарга карама-каршы келбейт, тескерисинче, аларды өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт.*

*Окутуунун натыйжалары аркылуу билим берүү программасы белгилүү бир билим берүү уюмунда өзүнүн өзгөчөлүгүн көрсөтө алат.*

**3-стандатка критерийлер.**

**3.1. ББПнын максаты жана күтүлүүчү ОНсы тышкы жана ички стейкхолдердин талаптарынын негизинде түзүлөт.**
**3.2. Максаттар жана ОН мамлекеттик билим берүү стандартынын же кесиптик стандарттын талаптарын эске алат.**

## Стандарт 4. Билим берүү программассынын иштелмеси , бекитүүсү жана мазмуну жана студентке багытталган окутууга шарт түзүүчү окуу процесси.

***Стандарттын аныктамасы.***

*Аталган стандартка ылайык билим берүү уюмдары өзүнүн программаларын иштеп чыгуу жана билдирүү процедураларына ээ болуусу керек. Билим берүү программалары коюлган максатка жараша иштелип чыгуусу зарыл.*

*Билим берүү программасынын түзүмү жана мазмуну окутуунун натыйжаларына жетүүнү камсыздоосу керек. Окутуунун колдонулуучу формалары жана ыкмалары, бул ББП ишке ашырылуучу практикалык иш-аракеттердин түрлөрү, бардык студенттердин ОНна жетишүүсүн камсыздоосу керек.*

*Билим берүү программасы өндүрүштүк окутууну уюштурууну, студенттердин өз алдынча иштөөсүн жана окутуунун натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылган башка иштердин түрлөрүн карайт.*

*Студенттер менен окутуучулардын өз ара аракеттенүүсү анын инсандыгын урматтоого шарт түзөт.*

***Эгерде билим берүү программасы экинчи жана андан кийинки аккредитациядан өткөн болсо, анда акыркы аккредитациядан кийинки жакшыртууларды жана өзгөрүүлөрдү, аны менен катар акыркы аккредитациядан өтүүнүн жыйынтыктары боюнча сунуштар кандайча аткарылгандыгын так чагылдырышы жана көрсөтүүсү керек.***

*Стандартка колдонмо.*

*Билим берүү программалары билим берүү уюмунун билим берүү миссиясынын өзөгүн түзөт. Алар студенттерге академиялык билимдерди жана керектүү, анын ичинде алардын инсандык өнүгүүсүнө таасирин тийгизе турган жана келечектеги карьерасында колдонуучу көндүмдөрдү камсыздайт . Студентке багытталган билим, окутуу жана жумуш ордунда окутууну уюштуруу студенттердин окуу процессине мотивациясын жана катышуусун стимулдаштырууда маанилүү роль ойнойт.*

*Бул процесс окуу программаларын иштеп чыгууга жана окутууга, ошондой эле окутуунун натыйжаларын баалоого тең салмактуу мамилени талап кылат.*

*Студенттер алган квалификациясын, анын ичинде жетишкен окуу натыйжаларын, алган билиминин деңгээлин, мазмунун жана статусун, ошондой эле анын ийгиликтүү аяктагандыгын тастыктаган тиешелүү документтерди алууга тийиш.*

**4стандатка критерийлер.**

**4.1.** **ББП сы ББУнун миссиясына жана ББУнун өнүктүрүү страстратегиясына, адистерди даярдоонун заманбап талаптарына жооп берүүчү, жалпы максаттарына ылайык иштелип чыккан.**
**4.2.** **ББП да талапкерлерге талаптар аныкталган.**
**4.3.** **ББП нын түзүлүшү жана мазмуну ОНна ырааттуу жана толук жетишүүнү камсыз кылат.**
**4.4.** **ББПда колдонулган окутуунун формалары жана ыкмалары бардык студенттердин ОНна жетишүүсүн камсыздайт.**
**4.5.** **ББПнын мазмуну өндүрүштүн жана иш берүүчүлөрдүн тыгыз катышуусу менен иштелип чыгышы керек. ББП өндүрүш жана иш берүүчүлөр менен тыгыз байланышта болушун камсыз кылууга тийиш.**
**4.6.** **ББП студенттердин өндүрүштүн өкүлдөрү жана иш берүүчүлөр менен тиешелүү практикалык негизде баарлашуусун жана байланышын камсыздайт жана студенттердин өндүрүштүк жана социалдык маселелерди чечүүдө жоопкерчиликтүү болушу үчүн жетиштүү билимдерди жана практи тикалык көндүмдөрдү алууга кепилдик берет.**
**4.7.** **Студенттердин профессионалдык практикасын жана башка жумуштарды уюштуруу окуунун натыйжаларына жетишууну камсыз кылат. Профессионалдык практиканын программалары өндүрүш жана иш берүүчүлөр менен бирдикте макулдашылган болуусу керек.**
**4.8.** **ББПда колдонулган баалоо ыкмалары жумуш ордунда окутуунун дисциплиналары/модулдары/практикалары боюнча окуунун натыйжаларын ачык, объективдүү жана адекваттуу баалоону кепилдейт.**
**4.9.** **Студенттер менен окутуучулардын, өндүрүштүк окуунун мастерлеринин ортосундагы өз ара байланыш студенттин инсандыгын урматтоону камсыз кылат.**

**Стандарт 5. Профессордук окутуучулар курамы.**

***Стандартка колдонмо.***

| |
|---|
| *Бул стандартка ылайык, ББП нын алкагында өндүрүштүк окутуудагы өздөрүнүн окутуучулар жана шакирттеринин компетенттүүлүгүнө ишеним болушу керек.ОП өз кызматкерлерин жалдоодо жана өнүктүрүүдө адилеттүү жана ачык-айкын процесстерди колдонушу керек.*<br><br>*Профессордук-окутуучулар курамы жана өндүрүштүк окутуунун шакирттери (ПУК жана ӨОШ) билим берүү программасы камтылган билимдин бардык багыттары боюнча адистерден болууга тийиш.*<br><br>*ПУК жана ӨОМ ылайыктуу базалык билим берүүгө жана практикалык кесиптик тажрыйбага ээ болушу жана кошумча билим, тажрыйба ж.б.у.с. алуу менен, өзүнүн квалификациясын систематикалык түрдө жогорулатып турушу керек.*<br><br>*ПОК жана ӨОШ жалпы билим берүү программасын жана анын айрым дисциплиналарын жакшыртууга катышуу керек.*<br><br>*Ар бир окутуучу жана устат өзүнүн дисциплинасынын, практикасынын окуу планындагы ордун, анын мурунку жана кийинки дисциплиналар же практикалар менен байланышын билип, далилдей алышы, адисти калыптандырууда окуунун натыйжасын камсыз кылууда дисциплинанын ролун түшүнүшү керек.*<br><br>*ББУда ПОК жана ӨОШ үчүн  чыгармачылык, инсандык жана кесиптик өсүү үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөн.* |
| ***Эгерде ББПсы экинчи жана кийинки жолу аккредитациядан өткөн болсо, анда өз алдынча баалоонун жыйынтыгы боюнча талдоо жана маалыматты так чагылдырылышы жана акыркы аккредитациядан кийин киргизилген өзгөрүүлөрдү, жакшыртууларды, <u>ошону менен катар акыркы аккредитациянын жыйынтыгы боюнча сунуштар кандайча ишке ашырылгандыгын так көрсөтүүгө тийиш.</u>*** |
| ***Стандартка колдонмо.***<br>*Студенттердин билим алуусунда, компетенция жана көндүмдөргө ээ болууда жана жогорку сапатта окутууда окутуучулар жана өндүрүштүк окутуунун шакирттери негизги ролду ээлейт.Студенттррдин  санынын ар түрдүүлүгү жана окутуунун натыйжаларына көңүл буруунун жогорулашы студентке багытталган билимди жана окутууну талап кылат, мында окутуучунун ролу да өзгөрөт.*<br>*Жогорку окуу жайлары өздөрүнү кызматкерлеринин кесипкөйлүгүнө, алардын натыйжалуу иштеши үчүн ыңгайлуу шарттардын түзүлүшүнө биринчи кезектеги жоопкерчиликти жүктөйт. Мындай чөйрө:*<br>• *Так, ачык жана адилеттүү жумушка алуу процессин орнотот жана окутуунун маанилүүлүгүн тааныган жумушка орношуу шарттарын камсыздайт.*<br>• *Мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт жана профессордук-окутуучулук курамдын кесипкөйлүгүн жогорулатууга көмөк көрсөтөт.*<br>• *Окутуунун методдорунда инновацияларды жана окуу процессинде жаңы технологияларды колдонууга көмөк көрсөтөт.* |
| **5-стандатка критерийлер.**<br>**5.1.** **Билим берүү программасында ӨОШне жана окутүүчуларга ОНна  ылайык алардын квалификациясына жана компетенттүүлүгүнө талаптар  аныкталган.**<br>**5.2.** **Окутуучуларды жана ӨОШ  тандоонун  ачык-айкын объективдүү критерийлери жана процедуралары бар.  5.3.Азыркы профессордук-окутуучулук курамдын жана ӨОШ** |

квалификациясы окуу натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылат.

5.3. ОК жана ӨОШ колдоо, стимулдаштыруу жана квалификациясын жогорулатуу системасы бар.

5.4. ОК үчүн чыгармачыл, инсандык жана профессионалдык өсүү үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөн.

**Стандарт 6. Инфраструктура, ресурстар жана студенттерди колдоо.**

***Стардарттын аныктамасы.***

*Бул стандартка ылайык, ББУ/ББП билим берүү жана практикалык иш-чаралар үчүн жетиштүү каржылоого ээ болушу керек, адекваттуу жана оңой жеткиликтүү окуу ресурстарын жана студенттерди колдоо жолдорун камсыз кылуу керек.*

*ББПда материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу, өзгөчө практикалык окуулар үчүн дайыма жаңыланып, өркүндөтүлүп жана кеңейтилип турушу керек.*

*Кабинеттер, лабораториялар жана алардын материалдык-техникалык базасы заманбап жана билим берүү программасынын максаттарына жана окуу натыйжаларына шайкеш келүүгө тийиш.Инфраструктура, кызматтар жана билим берүү ресурстары кызыкдар тараптардын талаптарына жана керектөөлөрүнө жооп бериши керек. Өндүрүштүк адистиктер боюнча практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн ББУ же ББП кызыкдар тараптардын ресурстарына кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек.*

*Билим берүү программасында (ББУ/бөлүм) окутуу үчүн керектүү материалдарды окуу, техникалык жана маалымдама адабияттары, ар кандай мезгилдүү басылмалар ж.б.
камтыган китепкана болушу керек. Студенттердин жана окутуучулардын пайдалануусунда компьютердик класстар жана маалымат ресурстарына (локалдык тармак, Интернет) кирүү мүмкүнчүлүгү бар терминалдар болушу керек.*

*Студенттин өз алдынча билим алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү жана өз алдынча кесиптик жана инсандык өнүгүүсү үчүн ыңгайлуу билим берүү чөйрөсү түзүлүүгө тийиш.*

*Инфраструктураны жакшыртууну пландаштырууда студенттердин, ОК жана ӨОШ күтүүлөрүн эске алуу механизмин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү керек.*

*ББУ жана ББП жетекчилиги өз убагында жооп кайтарат жана инфраструктураны жакшыртуу жана ОНна жетишүү үчүн академиялык жана башка колдоо көрсөтүү жагынан студенттердин жана ОК керектөөлөрүн канааттандырат. ББУ бул ресурстардын жеткиликтүүлүгүн жана колдонулушун көзөмөлдөйт.*

***Эгерде ББП экинчи жана андан кийинки жолу аккредитациядан өткөн болсо, анда өзүн-өзү баалоонун натыйжалары боюнча талдоо жана маалымат акыркы аккредитациядан кийин киргизилген өзгөрүүлөрдү жана жакшыртууларды, <u>анын ичинде акыркы аккредитациянын жыйынтыгы боюнча сунуштар кандайча ишке ашырылгандыгын так чагылдырышы жана көрсөтүүсү керек.</u>***

***Стандартка колдонмо.***

*Натыйжалуу окутууну камсыздоо максатта ББУ/ББП студенттерди окуу процессинде колдоо жана жардам берүү үчүн бир катар керектүү окуу ресурстары менен камсыз кылууга тийиш. Мындай ресурстар материалдык, мисалы, китепканалар, окуу жабдуулары, маалыматтык технология инфраструктурасы, ошондой эле насаатчылар, кураторлор жана башка консультанттар сыяктуу болушу мүмкүн.*

*Окуу ресурстарын бөлүштүрүүдө, пландаштырууда, камсыз кылууда жана студенттерге колдоо көрсөтүүдө, ошондой эле студенттерге багытталган окутууга өтүүдө алардын ар түрдүү контингентинин муктаждыктары (мисалы, чет өлкөлүк студенттер, ошондой эле мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер жана башкалар) эске алынуусу керек.*

*Студенттерди колдоо боюнча иш-чаралар жана шарттар институттук контекстке жараша ар кандай формада уюштурулушу мүмкүн. Бирок, сапатты камсыздоонун ички системасы бардык ресурстар максатка ылайыктуу жана жеткиликтүү болушун камсыздайт, ал эми студенттерге алар үчүн жеткиликтүү кызматтар жөнүндө маалымат берилет.*

*Студенттерге колдоо көрсөтүү кызматтарын көрсөтүүдө техникалык жана административдик кызматкерлердин ролу өтө маанилүү, ошондуктан алар квалификациялуу жана өз компетенцияларын жогорулатууга мүмкүнчүлүктөрү болушу керек.*

**6-стандартка критерийлер**

**6.1. ББП бардык зарыл инфраструктурага жана ОН жетишүү үчүн адекваттуу жабдууларга ээ.**

**6.2. Билим берүү уюму студенттердин тийиштүү өндүрүштүк тажрыйбага ээ болушун жана практикалык окуу үчүн зарыл болгон техникалык ресурстарга, окуу жабдууларына ээ болушун камсыздайт.**

**6.3. ББП билим берүү ресурстарын бөлүштүрүүдө жана камсыз кылууда, студенттердин колдоодо , билим берүү жана окутуунун ийкемдүү моделдерине өтүүдө студенттердин ар түрдүү контингентинин керектөөлөрүн эске алат.**

**6.4. Инфраструктураны жакшыртууну пландаштырууда студенттердин күтүүлөрүн эске алуу механизми иштелип чыккан жана колдонулган, натыйжада ББП/ББУ жетекчилиги өз убагында жооп берип, ички кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырат.**

**6.5. ББП студенттерге академиялык консультация беруу системасына ээ.**

**6.6. Жагымдуу жана ыңгайлуу окуу чөйрөсү үчүн, өз алдынча окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, өз алдынча кесиптик жана инсандык өнүгүү жана студенттерге ар кандай колдоо көрсөтүү кызматтары үчүн шарттарды түзүү.**

**6.7. ББП деңгээлинде студенттер жана ОК жана ӨОШ үчүн ББУнун тейлөө кызматтарынын ишин баалоо жүргүзүлөт.**

**Стандарт 7. Маалыматтын башкаруусу ,ачыктыгы жана ишенимдүүлүгү.**

***Стандарттын аныктамасы.***

*ББУ/ББП өздөрүнүн билим берүү программаларын жана ишмердүүлүгүнүн башка чөйрөлөрүн натыйжалуу башкаруу үчүн тиешелүү маалыматтарды чогултууну, колдонууну менен талдоону камсыз кылууга тийиш.*

| |
|---|
| *Бул стандартка ылайык, программаны ишке ашырууда ачык-айкын башкаруу системасы болушу керек жана бардык кызыкдар тараптар үчүн бардык зарыл болгон документтер жана маалыматтар менен жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга тийиш.*<br><br>*Билим берүү программасын ишке ашырууда коомчулукка толук, системалуу жана ишенимдүү маалымат берүү принциптери сакталат.*<br><br>*ББП студенттер, ОК жана ӨОШ жана башка стейкхолдер үчүн ББП колдонмосунун жеткиликтүүлүгүнүн ачыктыгын далилдеп, көрсөтө алат.*<br><br>*ББП чечимдерди кабыл алуудагы айкындуулук саясатын, коомчулукка жана стейкхолдерге объективдүү жана өз убагында маалымдоо механизмдерин камтыйт. ББП/ББУ өз ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматты жарыялоосу керек, алар ачык-айкын, так, объективдүү, актуалдуу жана жеткиликтүү болууга тийиш.* |
| ***Эгерде ББП экинчи жана кийинки жолу аккредитациядан өткөн болсо, анда өзүн-өзү баалоонун натыйжалары боюнча талдоо жана маалымат так чагылдырып, акыркы аккредитациядан өткөндөн кийин киргизилген өзгөрүүлөрдү жана жакшыртууларды анын ичинде акыркы аккредитациянын жыйынтыгы боюнча сунуштар кандай аткарылдыгын так көрсөтүүгө тийиш*** |
| ***Стандартка колдонмолор.***<br><br>*Ишенимдүү маалымат чечимдерди кабыл алуунун жана эмне жакшы иштеп жатканын жана эмнени жакшыртуу керектигин чечүүдө негизги шарты болуп саналат. Билим берүү программалары жана башка иш-чаралар жөнүндө маалыматты чогултуу жана талдоо боюнча натыйжалуу үзгүлтүксүз системалуу процесстер сапатты камсыздоонун ички системасынын иштешине чоң салым кошот.*<br><br>*Маалыматтын кантип жыйналышы кандайдыр бир деңгээлде билим берүү уюмунун түрүнө жана миссиясына жараша болот. Бирок, анын ичинде негизги көрсөткүчтөр, студенттердин контингенти жөнүндө маалыматтар; окуунун деңгээли, студенттердин жетишкендиктери жана аларды окуудан чыгаруу, студенттердин тандалган программаларга канааттануусу; билим берүү ресурстарынын жана студенттерди колдоо кызматтарынын болушу; бүтүрүүчүлөрдүн карьералык өнүгүүсү тууралуу маалыматтар маанилүү болуп саналат.*<br><br>*Маалыматты жыйноонун ар түрдүү ыкмаларын колдонууга болот. Башкысы, маалыматты жыйноодо жана анализдөөдө , ошондой эле кийинки аракеттерди пландоодо студенттер жана кызматкерлер катышуусу керек.*<br><br>*Билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат потенциалдуу студенттер, окууга өткөн студенттер, бүтүрүүчүлөр, башка стейкхолдер жана жалпы коомчулук үчүн пайдалуу.*<br><br>*Ушуга байланыштуу билим берүү уюму өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө, анын ичинде сунушталган программалар жана аларга кабыл алуу критерийлери, бул программалар боюнча окуунун күтүлүп жаткан натыйжалары, ыйгарылган квалификациялар, окутуу, билим берүү, өтүү упайларын көрсөтүү менен баалоо жол-жоболору, студенттреге берилген окуу мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү.* |
| **7-стандартка критерийлер.** |

| |
|---|
| **7.1. ББП/ББУна сапатты камсыздоо системасынын (СКС) ишине салым кошуучу ар кандай ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча маалыматты жыйноо жана анализдөөнүн эффективдүү жана үзгүлтүксүз процесси каралат.**<br>**7.2. Программанын дэңгээлинде бардык стейкхолдер бардык керектүү иш -кагаздарын жана маалыматтарды ала алуусу камсыздалат.**<br>**7.3. Программа коомчулукту туура жана өз убагында маалымдоо принцибин сактайт. ББП студенттер, профессордук окутуучулар курамы жана башка стейкхолдер үчүн ББП колдонмосунун ачыктыгын жана жеткиликтүүлүгүн далилдейт жана көрсөтөт.**<br>***7.4.* ББП да чечимдерди кабыл алууда ачык-айкындуулукту камсыздоо жана стейкхолдерди өз убагында маалымдоо саясаты бар.** |